КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

НУРМАНБЕТ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
НУРМАНБЕТ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

НУРМАНБЕТСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
НУРМАНБЕТСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

# ТОКТОМ

6-апрель 2023-жыл №74/XV11-28 Нурманбет а

## Каржы каражатын бөлүштүрүү жөнүндө

Нурманбет айылдык кеңешинин кезектеги сессиясында мамлекеттик фондунун айыл чарба жерлеринин ижарасы үчүн акы төлөө планын 2023-жылга карата түзгөн бюджетинин негизги каражаттар боюнча киреше жана чыгаша булагына толуктоо киргизүү жана каржы каражаттын бөлүштүрүү жөнүндө маселесин карап жана талкуулап айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Айыл өкмөтүнүн “мамлекеттик жерди фондунун айыл чарба жерлеринин ижарасы үчүн акы” боюнча салыктын түрүнүн мерчеми 2315,3миң сомго көбөйтүлсүн.

2.“Гүл Балалык” жана “Эпкин Нур” бала бакчаларына керектүү эмеректерди сатып берүүгө 70911 бөлүгүнүн 3112 статьясы 300,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

3.А.Молдокулов атындагы орто мектебинин от калоо мешин жана имараттын ичин ондоо иштерине 70921 бөлүгүнүн 3111 статьясы 915,3 миң сомго көбөйтүлсүн.

4.“Эпкин Нур” бала бакчасынын ашканасына желдеткич орнотуу иштерине 70911 бөлүгүнүн 3111 статьясы 100,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

5.Нурманбет, Первомай жана А.Токтоналиев айылдарынын ички көчөлөрүн ондоо максатта ал жактарга гравий төшөө жана аны грейдерлөө иштерине 70629 бөлүгүнүн 2221 статьясы 1 000,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

6.Бул токтомду аткарылышын көзөмөлдөө Нурманбет айылдык кеңешинин бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Нурманбет айылдык
кеңешинин төрагасы Н. Табыкеев